**“БЕКИТЕМИН”**

**И.Арабаев атындагы КМУнун**
**илим жана инновация боюнча проректору,**
**п.н.д., доцент**
**Чалданбаева А.К.**
**________________________**
**“ 25 ” __04__ 2025-жыл.**

Абдиева Айшахан Мухаматкуловнанын “КЫРГЫЗДАРДЫН ӨСҮМДҮКТӨРДҮ ТААНЫП БИЛҮҮСҮ ЖАНА АЛАРДЫ КОЛДОНУУСУ (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)” аттуу 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишин ачык коргоого карата жетектөөчү мекеме болгон И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин «Кыргызстандын тарыхы жана этнология» кафедрасынын

## КОРУТУНДУ – ПИКИРИ

1. **Диссертациянын темасынын актуалдуулугу**.

Абдиева Айшахан Мухаматкуловнанын “КЫРГЫЗДАРДЫН ӨСҮМДҮКТӨРДҮ ТААНЫП БИЛҮҮСҮ ЖАНА АЛАРДЫ КОЛДОНУУСУ (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)” аттуу 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши актуалдуу темага арналган. Азыркы ааламдашуу жана илимий техникалык өнүгүү жигердүү алгалап бараткан учурда этностор менен аларды курчап турган табигый чөйрөнүн ортосундагы мамилени изилдөө этнология илиминин актуалдуу проблемаларынын бири.

Бул изилдоодо XIX к. аягы - XX к. башындагы салттуу коомдогу кыргыздардын этномаданий мурасынын бири – өзүлөрүн курчап турган өсүмдүктөр дүйносүн – флораны таануусу жана аны турмуш-тиричилигинде колдонуусу болуп саналат. Кыргызстандын аймактары географиялык шарты, экономикасы боюнча бири-биринен кескин түрдө айырмаланып турат. Кыргызстандын түштүгү менен түндүгүнүн географиялык чойрөсү жана шарты ар башка, ошого жараша экологиялык абалы да айырмаланат. Ал эз

ОК: Бибулашова А.Я.

ДС 07.23.674
Вх. № 2025/19 от 29.04.25
Уч. секр.

кезегинде жашаган элдин турмуш-тиричилигине жана маданиятына таасирин тийгизет. Ошону менен бирге, салттуу коомдогу кыргыздардын өзүлөрүн курчап турган чөйрөдөгү флорасын пайдалануусу кыргыз этнология илиминде изилдөөнүн өз алдынча предмети болө элек.

Кыргыздардын чарбачылыкта, күндөлүк турмушта, элдик медицина жана ветеринарияда жана башка чөйрөлөрдө флөраны пайдалануунун кылымдар бөю төптөлгон элдик тажрыйбасы коомдук жана табигый илимдердин өкүлдөрү тарабынан XIX к. аягынан тарта изилденип келе жатат. XX к. акырынан тарта бул прөблемага изилдөөчүлөрдүн кызыгуусу өстү.

Коюлган маселенин актуалдуулугу диссертациянын киришүү бөлүмүндө берилип, жетишээрлик деңгээлде аныкталган.

**2. Илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделишинин деңгээли.**

Диссертант өзүнүн илимий ишинде талаа материалдарын жана башка маалыматтарды тандап алган метөдикалык ыкмалар аркылуу талдоонун натыйжасында төмөндөгүдөй жыйынтыктарды чыгарган:

1-жыйынтык. XIX к. аягы - XX к. башында Фергана өрөөнүндө жашаган кыргыздар өзүлөрүн курчап турган өсүмдүктөрдү мезгилине жараша ар тараптан жана терең аңдап билишкен. Алар өсүмдүктөрдүн ар бирин атынан аташкан жана алардын физикалык, биөлогиялык сапатына жараша күндөлүк жашөө-турмушунда кенен-кесири пайдалана билишкен;

2-жыйынтык. Кыргыздар күндөлүк турмушта кадыресе табияттын чөйрөсү менен айкалышып жашап, белгилүү деңгээлде өзүнө таандык маданиятын өнүктүрүп келген. Өсүмдүктөр-кыргыз элинин этностук ландшафтынын негизги маданий мүнөзүн жана табиятка карата адамдардын жүрүм-турумун аныктаган. Аталган чөлкөмдө жашаган кыргыздар негизинен мал чарбачылык жана жер иштетүү жумушу менен алектенип келишкендиктен, жергиликтүү табигий өсүмдүктөр жана бакчачылык да белгилүү мааниде чарбачылык ишмердүүлүгүнө таасирин тийгизген. Андан сырткары, өсүмдүктөр дүйнөсү мал чарбачылыкты өстүрүү үчүн тоют катары гана каралбастан, алардын түзүмдөрү түрдүү багыттагы чарбачылыкта керектелүүчү буюмдар катары пайдаланып келишкен;

3-жыйынтык. Кыргыздардын курчап турган табигий өсүмдүктөрдү жана дыйканчылык менен өндүргөн флөраны салттуу чарбачылыкта буюм, шайман жана идиш-аяк катары пайдаланышы, алардын орду жана жасалыш ыкмалары Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышында аймактык, экологиялык өзгөчөлүктөргө ээ;

4-жыйынтык. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш аймагындагы кыргыздарда тамак-ашты даярдоодо жана аны кабыл алууда сүттөн, эттен жана камырдан башка өсүмдүктөрдөн алынган азыктарга орун берилген.

5-жыйынтык. Табигый жаратылыш флорасынан сырткары, бакчада колдо өндүрүлгөн флораны күндөлүк тамак-аштарына пайдаланып келишкен;

6-жыйынтык. XIX к. аягы - XX к. башында Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздарда дыйканчылык менен өндүрүлгөн өсүмдүктөрдөн буюмдарды жасоо ыкмалары калыптанган;

7-жыйынтык. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын өсүмдүктөрдү боёк катары тери жана жүн иштетүүдө пайдаланышында жана аны колдонуунун салттуу ыкмаларында чөлкөмдүк өзгөчөлүктөрү сакталган;

8-жыйынтык. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздар өсүмдүктөрдү дары катары ооруларды дарылоодо кенен пайдаланууга аракет кылышкан. Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздар флораны сулуулук каражаты катары да пайдаланылышкан. Аймакта өскөн, дүйнөдө сейрек кездешүүчү гүл өзүнүн кооздугу менен жергиликтүү калктын руханий дүйнөсүнөн өзгөчө орун алган.

Чыгарылган жыйынтыктар изилдөөнүн материалдарын талдоонун натыйжасында илимий жактан негизделген.

**3. Диссертацияда чыгарылган жыйынтыктын (илимий жобонун) корутундусунун негиздүүлүгү жана ишенимдүүлүгү.**

Изденүүчү диссертацнялык изилдөөсүндө чыгарган тыянактардын негиздүү жана илимий жактан так болушун көздөп, булак катары колдонулган талаа материалдарын жыйнап, иреттеп, системага салган. Аларды жыйноодон баштап, талдоо жана теориялык жактан жалпылоо децгээлинде да ылайыктуу усул жана ыкмаларды колдонгон. Илимий изилдөөдө өздүк материалдар, бул багыттагы жарык көргөн илимий эмгектер колдонулган.

Алынган жыйынтыктардын ишенимдүүлүгү изилдөө материалдарынын, булактардын негизинде автордун байкоо жүргүзүү, сурамжылоо, тарыхый-салыштырмалуулук ыкмаларын колдонуусу менен камсыздандырылган.

**4. Диссертациянын жацылыгы жана анын тууралыгын баалоо менен практикалык маанилүүлүгүнө баа берүү**

Абдиева Айшахан Мухаматкуловнанын диссертациясынын илимий жыйынтыктары, корутундусу жана практикалык сунуштары диссертациялык иштин максаты жана милдеттеринен келип чыккан жоболорго жооп берет. Автордун жекече салымы катары илимий изилдөөнүн жүрүшүндө каралып жаткан маселенин бардык аспектилери боюнча чогултулган материалдар талданып иликтенгендигин көрдүк.

Аткарылган эмгек кыргыз этнология илиминде XIX к. аягы – XX к. башында Фергана өрөөнүнүн түштүк-батышындагы кыргыздардын өсүмдүктөрдү күндолүк турмуш-тиричиликте пайдалануусун атайын өзүнчө изилдөөгө аракет жасаган алгачкы эмгек болуп саналат.

1. XIX к. аягы – XX к. башында Фергана өрөөнүнүн түштүк-батыш аймагындагы мелүүн жана ысык алкакта өскон өсүмдүктөрдүн түрлөрү, сапаттары, табигый жана колдо өстүрүлгөн өсүмдүктөрдү пайдалануунун формасы жана мазмуну ар тараптан изилденген.

2. Мал чарбачылыгында пайдаланылуучу флорадан жасалган буюмдар жана шаймандар жана аларды жасоонун элдик ыкмаларынын аймактык өзгөчөлүктөрү этнографиялык талаа материалдарынын негизинде каралган. Дыйканчылык иштеринде пайдалануучу өсүмдүктөрдөн жасалган турмуш-тиричилик буюмдары, шаймандар, идиш-аяктар жана аларды жасоонун элдик ыкмаларынын аймактык өзгөчөлүктөрү изилденген. Андан сырткары кыргыздардын флораны тамак-аш, дары каражаты катары пайдаланышынын өзгөчөлүктөрү такталган жана тери, жүн иштетүүдө боёк катары даярдоо тартиби жана буюмдарга ар түрдүү түс берүү ыкмалары ачылып көрсөтүлгөн. Ошону менен бирге, бул илимий маселе башка түрк тилдүү жана Борбордук Азиядагы кошуна элдерде өсүмдүктөрдүн аталышы, колдонуу ыкмалары менен салыштырылып каралган жана алгачкы жолу кыргыз элинин өсүмдүктөргө байланышкан каада салт, жөрөлгөлөрү жана дүйнө таанымдары чагылдырылган.

Диссертациялык иштин материалдары практикалык жактан жогорку окуу жайлардын тарых факультеттеринде өтүлүүчү “Этнология жана социалдык антропология”, “Кыргыз этнографиясы”, “Этноботаника” предметтери боюнча лекциялык курстарды өтүүдө, тийиштүү илимий эмгектерди жазууда колдонууга мүмкүнчүлүк берет. Бул эмгек тарыхчыларга, этнографтарга, жалпы илим иликтөөчүлөргө жана көркөм өнөр менен эмгектенишкен кесип ээлерине баалуу материал боло алат. Бул эмгектин жыйынтыктары жалпы эле коомчулукка, экологдорго, дарыгерлерге пайдалуу болушу ыктымал.

**5. Диссертациянын негизги жоболорун, натыйжаларын жана корутундуларын жарыялоонун жетиштүү толуктугун ырастоо.**

Диссертациялык иштин мазмуну боюнча Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын талабына ылайык рецензияланган илимий басылмаларда 19 макала жарыяланган. Жарык көргөн макалалардын мазмуну диссертациянын мазмунун чагылдырат жана жарыяланган эмгектердин упайынын (баллынын) көлөмү жеткиликтүү упайды түзүп,

Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясы койгон талаптарга жооп берет.

**6. Автореферattын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Автореферат диссертациянын мазмунуна туура келет. Авторефераттын мазмунунда диссертациянын текстиндеги материалдар чагылдырылган. Кыргыз Республикасынын Улуттук аттестациялык комиссиясынын талабына ылайык диссертациялык иштин кыска резюмеси кыргыз, орус, англис тилдеринде берилген.

**7. Диссертациянын мазмуну жана жасалгаланышы боюнча кемчиликтери.**

Абдиева Айшахан Мухаматкуловнанын “КЫРГЫЗДАРДЫН ӨСҮМДҮКТӨРДҮ ТААНЫП БИЛҮҮСҮ ЖАНА АЛАРДЫ КОЛДОНУУСУ (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)” аттуу 07.00.07. - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши жогоруда белгиленген жетишкендиктер менен катар айрым бир мүчүлүштүктөргө ээ болгондугун белгилеп, изденүүчүгө төмөндөгүдөй сын пикир жана сунуштар берилди:

1. Диссертациядагы «Изилдөөнүн булактары» бөлүгүндө изилдөөнү жүргүзүүдө кайсы элдик оозеки жана акындар чыгармалары, элдик эпостор, жергиликтүү тарыхчылардын кандай эмгектери пайдаланылганы ачыкталып жазылса да дурус болмок. Анткени аларда жаратылышка мамиле, чөптөрдүн, жыгачтардын касиеттери, дары чөптөр тууралу маалыматтарды табууга болот.
2. Иштин методологиялык жана ыкмалык бөлүгүндө этнолинвистикалык, этноботаникалык ыкмаларды колдонуу менен кандай жыйынтыктар алына турганын көрсөтүүгө көңүл бурулушу зарыл.
3. Диссертациялык иштеги кээ бир параграфтардын (6.1., 6.2.) жыйынтыктарын күчөтүүнү сунуштайбыз, анткени мазмунда өсүмдүктөрдү каада-салт, жөрөлгөлөрдө пайдалануу жана көөз өсүмдүктөрдүн элдин руханий дүйнөсүнө тийгизген таасири тууралуу жакшы материалдар талданган.
4. Диссертант илимий жыйынтыктарды бардык параграф, главалар боюнча бир кылка чыгарган эмес, кээ бирлеринде жыйынтыктар толук кандуу чыгарылса, кээ бир бөлүктөрдө такыр эле кыска көрсөтүлгөн. Баптардын ар бир бөлүмдөрүндө илимий жыйынтыктар так көрсөтүлсө илимий иштин маанилүүлүгү мындан да жогоруламак.

5. Стационардык изилдөө борборлорунун материалдары салыштырылышы зарыл. Башка региондор жана этностор менен салыштыруулар да сөзсүз керек.
6. Диссертациянын мазмунунда кээ бир техникалык мүчүлүштүктөр оңдоону талап кылат.

**8. КРнын ПК УАКтын диссертацияларга койгон талаптарына жооп бериши**.

Абдиева Айшахан Мухаматкуловнанын “КЫРГЫЗДАРДЫН ӨСҮМДҮКТӨРДҮ ТААНЫП БИЛҮҮСҮ ЖАНА АЛАРДЫ КОЛДОНУУСУ (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)” аттуу 07.00.07. - этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши кыргыз этнология илиминдеги өз алдынча жазылган, өз нугу менен аткарылган илимий эмгек болуп саналат.

И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин «Кыргызстандын тарыхы жана этнология» кафедрасы Абдиева Айшахан Мухаматкуловнанын “КЫРГЫЗДАРДЫН ОСҮМДҮКТӨРДҮ ТААНЫП БИЛҮҮСҮ ЖАНА АЛАРДЫ КОЛДОНУУСУ (XIX кылымдын аягы – XX кылымдын башы)” деген аталыштагы диссертациясынын мазмуну, түзүмү, илимий деңгээли, шөкөттөлүшү Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Жогорку аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет, ал эми анын автору Абдиева Айшахан Мухаматкуловна 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу деп эсептейт.

Корутунду-пикир И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин «Кыргызстандын тарыхы жана этнология» кафедрасынын 2025-жылдын 23-апрелде өткөн атайын отурумунда талкууланган (протокол №

**9.Талкууга катышкан окумуштуулардын тизмеси**:

1. Алыкулова Г.К – т.и.к., доценттин м.а., кафедра башчысы, адистиги 07.00.02. – Ата Мекен тарыхы ;
2. Джоошбекова А.Р. – т.и.д., профессор, адистиги 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология;
3. Каана Айдаркул – т.и.д., профессор; адистиги 07.00.02.– Ата Мекен тарыхы
4. Алымкулова С.К. – т.и.д., проф.м.а адистиги 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология;
5. Самиева Ж.Д. – т.и.к., доцент адистиги 07.00.02.– Ата Мекен тарыхы;

6. Кожомуратова Б.Ж. – т.и.к., доцент адистиги 07.00.07. – этнография, этнология жана антропология;
7. Айтымбет кызы Айгүл – т.и.к., доценттин м.а., адистиги 07.00.02.– Ата Мекен тарыхы.

**И. Арабаев атындагы КМУнун**
**«Кыргызстандын тарыхы жана**
**этнология» кафедрасынын башчысы,**
**т.и.к., доценттин м.а.** **Алыкулова Г.К.**

**Катчы:** **Шадибекова К.Ш.**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ